УДК 94:39(575.2)

**Кожобеков Муратбек Чалакеевич,**
Кыргыз-Түрк Манас
университети, профессору

**КЫРГЫЗДАРДЫН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХНААМАСЫ (XIX к. ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ)**

**Кожобеков Муратбек Чалакеевич**
Профессор, Кыргызско-Турецкий Университет Манас

**ИСТОРИОГРАФИЯ ИЗУЧЕНИЯ ЭТНИЧЕСКОЙ ИСТОРИИ КЫРГЫЗОВ (XIX в. ВТОРАЯ ПОЛОВИНА)**

**Kozhobekov Muratbek Chalakeevich**
Professor, Kyrgyz-Turkish Manas University

**HISTORIOGRAPHY OF STUDYING THE ETHNIC HISTORY OF THE KYRGYZ (XIX K.) SECOND HALF)**

**Аннотация.** Кыргыздардын тарыхта аты чыгып таанылган учур менен аларды илим адамдары изилдеп баштаган мезгил ортосун эбегейсиз доор бөлүп турат. Борбордук Азиянын көчмөн талаасында байыр алган кыргыздар б.з.ч. III кылымдын соңку жылдары Кытай мамлекетине таанылып, Сыма Цяндын эмгегинде белгиленип, аты тарых саптарына алынган. Андан кийин алар орошон тарых эпкининде калбай, Енисей аймагында кубаттуу мамлекет курганга жетишкен.

Кыргыз тарыхынын изилдөөгө алынып, жалпы комчулукка таарлалышы Европа өлкөлөрүндө орун алган өндүрүш революциясына байланышкан. Жаңы өндүрүш ыкмасы үчүн талап кылынган чийки зат муктаждыгы Улуу географиялык ачылыштарга түрткү берген. Адамзат үчүн белгисиз болгон жерлер ачылып, анда жашаган калк жана аларды курчаган айлана – чөйрөнү изилдөө максатында жаңы илим тармактары калыптанган. Адегенде, Европада башталган изилдөө багытына, кийин Россия тартылган. Россия мамлекетинин Урал тоосунун чыгышыда жайгашкан калктар туурасындагы маалыматтык кабар жазма булактарда топтолуп, ал ишкер адамдардын кызыгуусун жараткан. Ермактын Сибирге жасаган жортуулунан соң, аймак жана анда жашаган калктар туурасында маалымат жыйноо муктаждыгы келип чыккан.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз каганаты, кыргыз этноними, орто кылымдагы кыргыздардын этникалык тарыхы, бурут, Енисей, Түштүк Сибирь, Ала Тоо.

**Аннотация.** Хронология фиксации этнонима кыргыз и началом изучения истории кыргызского народа проходит целая эпоха. Кыргызы, населявшие кочевые степи Центральной Азии, впервые упомянуты в китайских источниках III века до н. э. в трудах историка Сыма Цяня, что стало первым шагом к их включению в мировую историю. Позднее им удалось создать мощное государство на территории Южной Сибири.

Изучение истории кыргызского этноса в значительной степени связано с промышленной революцией, произошедшей в европейских странах. Потребность в сырье для новых методов производства способствовала великим географическим открытиям. Были открыты неизведанные территории, что способствовало формированию новых областей науки, направленных на исследование населения этих регионов и окружающей их среды. Первоначально исследования велись в Европе, а позднее - в России. В письменных источниках были собраны сведения о народах российского государства, расположенного к востоку от Уральских гор, что

вызвало интерес у исследователей. После похода Ермака в Сибирь возникла необходимость в сборе информации о территории и населении этих земель.

**Ключевые слова:** Кыргызский каганат, этноним кыргызов, этническая история средневековых кыргызов, бурут, Енисей, Южная Сибирь, Ала-Тоо.

**Abstract.** The chronology of the fixation of the ethnonym Kyrgyz and the beginning of the study of the history of the Kyrgyz people passes an entire epoch. The Kyrgyz, who inhabited the nomadic steppes of Central Asia, were first mentioned in Chinese sources of the 3rd century BC in the writings of historian Sima Qian, which was the first step towards their inclusion in world history. Later, they managed to create a powerful state in Southern Siberia. The study of the history of the Kyrgyz ethnic group is largely related to the industrial revolution that took place in European countries. The need for raw materials for new production methods has contributed to great geographical discoveries. Unexplored territories were discovered, which contributed to the formation of new fields of science aimed at studying the population of these regions and their environment. Initially, the research was conducted in Europe, and later in Russia. Information about the peoples of the Russian state located east of the Ural Mountains was collected in written sources, which aroused the interest of researchers. After Ermak's campaign in Siberia, it became necessary to collect information about the territory and population of these lands.

**Keywords:** Kyrgyz kaganate, ethnonym of Kyrgyz, ethnic history of medieval Kyrgyz, burut, Yenisei, Southern Siberia, Ala-Too.

Россия мамлекетнин Урал тоосунун чыгыш тарабына чыгышы менен Сибирь аймагын өздөштүрүү саясаты күн тартибине коюлган. Сибирди колго алуу саясаты XVI кылымда башталып, ал XVII кылымда кулач жайып, империяга жаңы территориялар кошула баштаган. Россиянын империялык деңгээлге көтөрүлүшү мамлекет үчүн жаңы милдеттерди койгон. Ал адагенде, Сибирдеги геосаясий кырдаалды жөнгө салуу жана Кытай өлкөсү менен соода – экономикалык, саясий мамилени орнотууга багытталган. Россия империясынын Сибирь аймагын андан ары илгерилеп өздөштүрүшү үчүн ал территорияга таасири күчтүү Алтын хан өлкөсү менен Кытай мамлекеттеринин тилин табышы керек эле. Сибирдеги орус бийлиги бул багытта чара көрүп, ал үчүн керектүү саясат жүргүзүүгө киришкен.

Кыргыз темасына байланышкан буга чейин жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө бир жагынан, «енисейлик кыргыздар» менен «алатоолук кыргыздарды», экинчи тарабынан «киргиз кайсактарды» чаташтыруулар орун алгандыгы байкалат. Мындай көрүнүш биринчиден, кыргыздардын саясий этникалык тарыхына арналган атайын изилдөөнүн жасалбагандыгын көрсөтсө; экинчиден, ал XIX кылымдын экинчи жарымына чейинки тарыхый географиялык билимдин тайкылыгынын далили боло алат. Үчүнчү себеп, Борбордук Азияда жашаган казактар менен дондук казак орустардын аталаштарынын окшоштугуна байланышкан доминанттык саясий көз карашка байланышкан фактор. Натыйжасында казактар «киргиз» же «киргиз кайсак» аталышып, ал да кыргызтаануу проблемасына олуттуу залака келтирген. Төртүнчү маселе, XIX кылымдын экинчи жарымында жасалган этногеографиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында алатоолук кыргыздардын да бурут деп аталаарына байланышкан проблема түйүнү эсептелет.

Кыргыз тарыхына айрыкча эмгек сиңирген окумуштуулардын алдыңкы катарында албетте, синолог Н. Я. Бичурин турат. Н. Я. Бичурин кыргыздардын тарыхын кытай жазма булактарына ылайык иликтеп, «Описание Чжунгарии» эмгегинде Хань династиясынын убаганда эле *кэргиз* жана *киргиз* башкача айтканда, *бурутар* усундардын батыш тарабында көчүп жүргөн калктын аталышы экендигин белгилейт. Синолог аларды Чыгыш жана Батыш болуп бөлүнгөн калк катары «эки ордого» бөлгөн. Чыгыш тарабы Джунгариядан түштүк – батышка, Чыгыш Түркстандан түндүк – батышка, Илиден түндүк – чыгышка, Аксудан түштүк – чыгышка көчүп жүргөн. Бул жерлер Хань династиясынын убагында Усундардын батыш тарабында орун алып, башында ал Сэ калкына тиешелүү болгон. Азыркы кыргыздар мурда Хотан тоолорунун түштүгүндө, Тибеттин түндүк чегине жакын жерде жашашкан. Алар

азыркы ээлеген аймакта кытайча *болу, булу* жана *болюй* аталыштары менен IV кылымда пайда болушат. *Болу* жана *булу* бурут сөзүнө жакын экендигинен улам, *бурут* байыркы Кэргиз аталашы эсептелет жана кытайлыктар менен монголдор азыр да аларды ушундай аташат деген жыйынтык чыгарат. Бичуриндин пикирине ылайык кыргыздардын Батыш ордосу Кашгардан түндүк – батышка, түштүк –чыгышы Сармысак тоолорго, Батыш тарабы Бухара чегине чейин тараган. Ошондой эле синолог, россиялыктардын аларды *каменный, дикий, черный кэргизтер* деп атай тургандыгын белгилеген (Бичурин, 1829: XXVII – XXIX).

Енисейлик кыргыздардын жунгарларга баш ийиши илимий адабиятта кенен изилденген проблемалардын бири жана анда синолог белгилеген алар «калмактардын бир отогу же уруусу» деген жобо жолукбайт (Абдыкалыков, 1968: 121; Бутанаев, 2005: 51). Ал эми кыргыздардын калмактарга оток түрүндө кошулуш маселесине келсек, мындай көрүнүш алардын саясий тарыхында мурда да, кийин да кайталанган. Алсак, енисейлик кыргыздар калмактарга оток түрүндө киргендей эле, убагында монгол Алтан хандарына жана андан соң Россия мамлекетине кошулган.

Айтылуу синологдун 1851-жылы жарык көргөн «Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена» (чч. 1-3. - СПб) аттуу фундаменталдык эмгеги жалаң эле кыргыздардын орто кылымдар мезгили эмес, Борбордук Азияда жашаган калктардын этногенез жана этникалык тарыхын байыткан. Н. Я. Бичурин эмгеги кытай булактарынын негизинде куралып, анда кыргыздардын этносаясий, экономикалык абалы, маданияты, ишеними сыяктуу бай тарыхый этнографиялык материалдыр орун алган.

Кыргыз тарыхынын андан ары тереңдетилип изилдениши жана жаңы илимий материалдардын топтолуш багытында 1851-жылы ачылган Орус географиялык коомунун Сибирь бөлүмү маанилүү роль ойногон.

Россия мамлекетинин Сибирди өздөштүрүш үчүн жасаган саясий жана экономикалык аракети, илимий тармакты да камтып, 1877-жылы Омск шаарында Батыш – Сибирь географиялык коомунун бөлүмү ачылат. Батыш – Сибирь географиялык коомунун негизги максаты Батыш Сбирь менен чектешкен Орто Азия жана Батыш Кытайдын аймактарын тарыхый географиялык, этнографиялык жана археологиялык жактан терең изилдөө эсептелген. Максатка ылайык, Батыш – Сибирь географиялык коомунда Н. М. Ядринцев, Д. А. Клеменц, Н. М. Мартьянов, И. Я. Словцов, Г. Е. Катанаев, Г. Н. Потанин, М. В. Певцов сыяктуу илимге берилген окумуштуулар эмгектенген.

Минусинск өрөөнүндөгү археологиялык материалдарды изилдөө багытында жана илим айдыңына чыгарууда олуттуу салым кошкон окумуштуулардын көч башында Д. А. Клеменц турат. Ал XIX к. 80-90-жж. аталган аймакта археологиялык изилдөө жүргүзүп, 1886-ж. «Древности Минусинского музея» аттуу олуттуу эмгегин жарыялаган. Ошондой эле Уйбат жана Чулым өрөөндөрүндөгү археологиялык эстеликтерди изилдеген (История Сибири, 1968 :18-19).

Кыргыздардын орто кылымдагы тарыхына байланышкан баалуу изилдөөлөр академик В. В. Радловдун калемине тиешелүү. В. В. Радлов өз мезгилинде Кастрен көңүл бурган теманы улантып, Сибирь калктарынын уруулук түзүлүшүн терең изилдөөгө алып, бул проблема алардын пайда болушун ачып берүүнүүчү ачкыч эсептелет деп ишенген. Бул багытта жүргүзүлгөн үзүрлүү изилдөөлөрдүн натыйжасында, көлөмү чакан болгону менен илимий жактан бай материал менен жабдылган «Этнографический обзор турецких племён Сибири и Монголии» аталган эмгек жазылган. Окумуштуу анда кыргыздардын Енисейден сүрүлүшү монголдордун XIII кылымдагы кысымына байланыштуу жүргөн деп эсептеген. Радловдун пикирине карганда кыргыздар мекенинен үч багытта чыгышкан. Биринчи багыт – Тянь – Шанды карай, экинчиси – Жогорку Енисейге, үчүнчүлөрү болсо Саяндын түндүгүн көздөй жер которушкан (Радлов, 1929: 20).

Болочок академик Алтайга жаңы келгенден тарта эле жергиликтүү калктардын тилин изилдей баштаган. В. В. Радловдун Сибирдеги түрк тилдүү: алтайлыктар, телеуттар, шорлор, кумандиндер, тувалыктар, минусиндик татарлар, казактар менен кыргыздар арасында он жылдык жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасында «Опыт сло-

варя тюркских наречий» аталган фундаменталдык эмгек жаралган (Радлов, 1893-1911).

В. В. Радлов 1862-жылы Кулунду аймагы аркылуу Кыргызстанга чейин илимий экспедиция уюштуруп, жергиликтүү калктын тарыхый этнографиясы, атлган аймактын тарыхый географиясы туурасында бай материал топтогон. Буга чейин жүргүзгөн илимий изилдөө иштеринин натыйжасы катары, окумуштуунун кыргыздар туурасындагы илимий макаласынын Париждеги айтылуу илим журналында жарыяланган фактысын айтсак болот (Radloff, 1863). В. В. Радловдун макаласында кыргыздардын Енисей аймагынан жер которуш маселеси козголуп, ал процесс душмандардын кол салуусуна байланыштуу экендигине көңүл бурат. Кыргыздырдын Тянь-Шанга 200 жыл чамалуу илгери келгендигинен күмөн санаган окумуштуу, бул көрүнүштү кыска убакыт өткөндүгүнө карабастан тагдыр чечүүчү окуя канткенде алктын эсинде сакталбаган деп түшүндүргөн. Ошол эле убакта, кыргыздар өздөрүн бул жерге Алтайдан көчүп келген деп эсептеген жалгыз эл экендигине көңүл бурган. Окумуштуу енисейлик жана алатоолук кыргыздарды бир эл деп эсептеп, Түштүк Сибирде жашаган кыргыздардын Ала Тоого жер которуусу Х кылымда болгон окуя деп эсептеген (Radloff, 1863: 313-314, 316).

Анткен менен Радловдун айрым бүтүмдөрү жаңы жасалган илимий изилдөө талаптарына жооп бербегендиги байкалып, аларга жаңыча кароону талап кылат. Алардын негизгилеринин бири – ал, окумуштуунун Минусин өрөөнүндө жашаган байыркы калкты «хакас» деп эсептеши. Бул маселеге өз убагында окумуштуу С. И. Вайнштейн да көңүл бурган жана «хакас» термини менен кыргыз этнонимии ортосундагы чаташтык синологиялык илимдин адегендеги өнүгүү этабына ылайык көрүнүш экендигин белгилеген (Вайнштейн, 1989: 655-656).

Кыргыз тарыхынын изилденишин жаңы деңгээлге жеткирген окумуштуу Ч. Ч. Валиханов эсептелинет. Валиханов полковник М. М. Хоментовский жетектеген аскердик-илимий экспедиция курамында 1856-жылы Кыргызстан аймагына келип, кыргыздардын тарыхы жана фольклоруна байланышкан бай материал топтогон (Валиханов, 1984: 36). Валихановдун 1856 – 1857-жж. даярдаган «Записки о киргизах» эмгегинде «дикокаменный» кыргыздар өздөрүн тек гана «кыргыз» деп эсептешет жана бул аталыш менен алар бардык ортоазиялык мусулмандарга белгилүү» деп эсептейт. Окумуштуу кыргыз этногенезин бир тектен чыккандыгын белгилеп, алардын бөлүнгүс тулку бир калк (demos) экендигине көңүл бурган (Валиханов, 1985: 7). Ошол убактагы илимий материалдардын тартыштыгы, кыргыз аталышынын кеңири хронологиялык жана географиялык алкагы окумуштууларды жаңылыш нукка бурган. Мисалы, Н. Я. Бичурин Енисей жана Тянь – Шанда жашаган кыргыздарды эки башка калк деп эсептеген (Бичурин, 1829: 28; 1834: 29). Валиханов кытайтаанычунун көз карашын сынга алып, аларды экиге бөлгөнгө эч негиз жок экендигин жана алардын ортосундагы түздөн – түз байланыш жалпы аталыш менен аныкталаарын белгилеген. Окуштуунун оюна ылайык бул жөн гана этимологиялык жакындык же окшоштук эмес деп эсептейт (Валиханов, 1985: 63). Ошондой эле Валиханов кыргыздар Чыгыш Түркстанга Чынгыз ханга чейин, же анын тушунда жер которгондугун белгилеген. Муну менен бирге, ал Бичуриндин кыргыздарды калмактардын бир отогу деп эсептеген көз карашына каршы, оюн билдирип, россиялык документтерде енисейлик кыргыздардын күчтүү өз алдынча калк экендигин көрсөткөн (Валиханов, 1958: 313).

Валихановдун кийинки баамдоосу кыргыз этноними боюнча топтогон материалы эсептелинет. Окумуштуу калк арасында айтылган «кыргыз кырк кыздан тараган» деген уламышты кагаз бетине түшүргөн (Валиханов, 1985: 46-48). «Очерки Джунгарии»» эмгегинде, ал енисейлик кыргыздар менен алатоолук кыргыздардын бир эл экендигин кытай жазма булагындагы *киликицзе* аталышы 40 кыз экендигине жана анын анологиясы азыркы кыргыздар арасында айтылгандыгына көңүл бурат (Валиханов, 1985а: 346).

Ч. Ч. Валиханов кыргыздардын адегендеги тарыхый мекени Түштүк Сибирь экендигин белгилеп, алардын азыркы аймагына жер которуусу балким, Чынгыз ханга чейинки уйгурлардын Икар-Мурундан жылыш доорунда же, ошол учурда болсо керек деген божомол жасаган (Валиханов, 1958: 319-320).

Батыш-Сибирь географиялык коомунун кыргызтаану багытында жүргүзгөн илимий иштери арасынан окумуштуу Г. Н. Потаниндин изилдөөлөрүн айрыкча белгилөөгө муктаждык бар. Окумуштуу Саян-Алтай, Монголия жана Кытайга жасалган экспедицияларга катышып, элдик уламыштар жана эпикалык чыгармалар боюнча теңдешкиз маалыматтарды топтогон. Г. Н. Потаниндин Кыргыз нор көлүнүн айланасында жашаган котондорду алатоолук кыргыздар менен байланыштырыуусу жана алардын этнографиясына тиешелүү маалыматтарды келтириши саясий этникалык проблемаларды чечүүгө көмөктөшөөрү бышык (Потанин, 1881: 7, 17, 162; прим.:4, 18).

Кыргыз этнониминин этимологиялык маселесине кайрылган окумуштуулардын бири да А. Вамбери эсептелет. Ал кыргыз аталышы «кыр» - талаа, «гыз» - *кезүү* сөздөрүнөн куралып, анын этимологиялык мааниси *кезип жүрүүчү* дегенди туюнтат деген. Монгол тилинен келген *бурут* этноними да бор – боор сөзүнөн алынып, ал *бор, бур* түрүндө өзгөргөндүгүн белгилеген (Vambery, 1885: 261).

Орус илим адамы катары калыптанган теги бурят окумуштуусу Доржи Банзаровдун кыргыз тарыхына кошкон салымы олуттуу. Окумуштуунун *кыргыз* жана *кэргут* аталышы түрк тилиндеги кырк жана көптүк санды жалпылаган мүчөдөн куралгандыгы (Банзаров, 1891: 86) жөнүндө биринчи болуп билдирген пикири азыркы күндө да актуалдуулугун жогото элек.

Кыргыз тарыхына айрыкча салым кошкон окумуштуулардын бири – албетте Н. Я. Аристов эсептелинет. Окумуштуунун «Опыт выяснения этнического состава киргиз-казахов Большой орды и каракиргизов на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся, антропологических исследований» жана «Заметки об этническом составе тюрксих племён и народностей и сведения об их численности» аталган эмгектеринде кыргызтаану темасына байланышкан баалуу жоромолор жасалган (Аристов, 1894, 1896)

Биринчи эмгекте Саян-Алтай элдеринин тамгалары изилденип, алардын байыркы жазуулар менен окшоштугу бар экендиги көрсөтүлөт. Ошондой эле Аристов ал жазуулар Енисейде жашаган кыргыздардыкы болгон деген көз карашты жактаган окумуштууларды колдогон (Аристов, 1894: 418). Уруулук түзүлүштү талдоого келгенде, ал казак калкындагы сары уйсундар менен кыргыздардын тектеш экендигин белгилейт. Окумуштуу муну сары уйсундар ичиндеги «кырк» аталган уруктун орун алышы менен түшүндүрөт (Аристов, 1894: 422-423). Н. А. Аристовдун байыркы алакчын уруусу тууралуу ой жүгүртүүсү кыргызтану темасы үчүн айрыкча актуалдуу. Ал чыгыш автторлорунун эмгегинде эскерилген алакчындардын Енисей дарыясынын өрөөнүндө кыргыздар менен коңшу жашагандыгына көңүл бурган. Окумуштуу аларды байыркы динлиндер деп эсептеп, кыргыздар менен динлиндердин тектеш экендигин жазма булак маалыматтары жана уламыштык даректер аркылуу далилдегенге аракет жасайт.

Н. А. Аристов бир жагынан алакчын менен динлиндер арасындагы алаканы, экинчи тарабынан динлиндер жана кыргыздардын байланышын белгилеп, кыргыздар түрктөр менен енисейлик динлиндер ортосундагы метистешүүдөн пайда болгонбу деген суроо коёт (Аристов, 1894: 425-427).

Окумуштуунун пикирине карганда, кыргыздар Ортоңку Монголиядан усундарга чейин эле Батыш Түн-Шанга жер которушкан. Усундар болсо, Енисейден бөлүнгөн жергиликтүү кыргыздардын бир бөлүгү болгон. Кийин алар кытай булактарында кыргыз аталышкан. Ортоңку Монголияда жашаган усундар кыргыздардан эмес, түрк урууларынын биримдигинен куралышып, алардын башында кыргыз бөлүгү эсептелген усундар турушкан. Усундар менен енисейлик кыргыздардын түпкү бабалары болгон байыркы кыргыздар, түрктөр менен динлиндердин кошулуусунан жаралган (Аристов, 1894: 450-451; 464-465).

Н. А. Аристов усундар менен кыргыздардын генеологиялык байланышын кытай булактарында катталган Чжичжи шаньюйдун маалындагы маалыматтар менен байланыштырып, асиги жана гэшу аталыштарын кыргыздардын «ассык» (азык – М. К.) жана кучу (кушчу – М. К.) уруулары менен байланыштырат (Аристов, 1894: 460-461).

Окумуштуунун «Заметки об этническом составе тюрксих племён и народностей и сведения об их численности» аталган экинчи эмгеги негизинен кытай булактарындагы маалыматтарды талдоого арналган. Синологиялык материалдар менен көчмөн талаадагы этникалык кырдаал генеалогиялык жана уруулук структура негизинде салыштырылып, эмгекте тарых илими үчүн кызыктуу жоромолдор сунуш кылынат.

Кытай мамлектинин биригүү мезгилиндеги жазма булактарда учураган айрым маалыматтар азыр да Н. А. Аристовдун жоромолуна ылайык жасалып келет. Алардын бири – «Чжоу шу», «Суй шу» булактарындагы кыргыздардын Афу жана Кем дарыяларынын боюнда орун алгандыгы туурасындагы маалымат. Окумуштуунун аталган гидронимдерди Абакан жана Енисей деп белгилеши бул темага кайрылган окумуштуулар тарабынан толук кабыл алынган (Аристов, 1896: 278). Ошондой эле, эмгекте байыркы этностор арасындагы этникалык процесс жана анын кыргыздарга тийгизген таасири изилдөөгө алынат (Аристов, 1896: -322-328).

Н. А. Аристовдун эмгегине өз убагында тарыхчы адистер тарабынан калыс баа берилген. Изилдөөнүн жетишкендиктери менен баалулуктары жана анда орун алган кемчиликтер көрсөтүлгөн (Бартольд, 1968: 266-279)

Окумуштуунун кийинки эмгеги «Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии» аталып, ал өз маалында К. Риттердин «Землевеление Азии» эмгегине толуктоо ирээтинде жазылган. Изилий иштеги кыргыз темасы боюнча келтирилген проблемалар негизинен мурдагы эмгектерде жасалган изилдөө жыйынтыктарын кайталайт (Аристов, 2001).

Кыргызтаану темасына байланышкан проблемалардын чечилишин жеңилдеткен илимий изилдөө иштери XIX к. экинчи жарымында жаңы өнүгүү басыкчына көтөрүлгөн. Синологиялык, ошондой эле тюркологиялык багытта жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр кыргыздардын этногенез жана этникалык тарыхына арналып, жалпысынан алар кийинки иликтөөлөр үчүн өрнөк болуп бергени шексиз.

Орто кылымдагы кыргыздардын тарыхына байланышкан синологиялык изилдөөлөр В. П. Васильев, Д. М. Позднеев, С. Жульен, А. Масперо, Э Шаванн, П. Пелльо, Паркер, В. Шотт, Э. Х. Паркер, О. Франке сыяктуу XIX к. экинчи жарымындагы илимпоздордун эмгектеринде чагылдырылат. Булактык мазмундагы эмгектер булактаануу бөлүмүндө карала тургандыктан, аталаган авторлордун комплекстүү мазмундагы айрым чыгармаларына айрыкча көңүл буруу зарыл.

Кыргызтаануу темасы үчүн тюркология багытындагы өрнөктүү изилдөөлөр XIX кылымдын соңунда жасалган. Жогоруда эскерилген В. В. Радлов менен бирге Н. М. Ядринцев, П. М. Мелиоранский, А. Гейкель, Д.А. Клеменц тарабынан жасалган Орхон-Енисей эстеликтеринин ачылыштары менен изилдениши жана алардын В. Томсен менен В. В. Радлов тарабынан окулуп, андан кийин жарыяланышы жалпы Борбордук Азиянын орто кылымдагы тарыхы үчүн олуттуу салым болгон.

Адабияттар:


1. Абдыкалыков А. А. Енисейские киргизы в XVII веке (исторический очерк). – Фрунзе, 1968.
2. Аристов Н. А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и каракиргизов, на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. – СПб., 1895. – 96 с.
3. Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племён и народностей и сведения об их численности. // Живая старина,1896. – Вып. III-IV. – С. 277-456.
4. Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы: Очерки истории и быта населения западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. – Б.: Илим, 2001. – 582 с.

5. Бартольд В. В. Н. А. Аристов, Заметки об этническом составе тюрксих племён и народностей и сведения об их численности. СПб., 1897 (отдельный оттиск из «Живой старины», вып. III и IV, 1896 г.) 182стр. 8// Бартольд В. В. Соч. Т. V. – М., 1968.
6. Бичурин Н. Я. Описание Чжуньгарии и Восточного Туркистана в древнем и нынешнем состоянии. /Переведено с китайскаго монахом Иакинфом. – м СПб., 1829.
7. Бутанаев В. Я. Родо-племенной состав китайских хакасов// Вестник Хакасского государственного университета им. Н. Ф. Катанова. – Серия 3. История. Право. –Вып. 4. – Абакан, 2005. – 51-54.
8. Вайнштейн С. И. Мир кочевников центра Азии. – М., 1991.
9. Валиханов Ч. Ч. Избранные произведения. – Алма-Ата, 1958.
10. Валиханов Ч.Ч. Собрание сочинений: в 5 тт. – Алма-Ата, 1984.
11. История Сибири с древнейших времен до наших дней. – Т. 1. – Л., 1968.
12. Радлов В.В. Этнографический обзор турецких племён Сибири и Монголии. – Иркутск, 1929.
13. Radloff W.W. Observations sur les Kirghis, Journal Asiatique, Tome II, Paris, 1863, - 309-328 pp.
14. Потанин Г. Н. Очерки Северо-Западной Монголии.Вып. II. Материалы этнографические, с 26-ю таблицами рисунков. – СПб., 1881. – 181 б; 87 прим.; 26 рис.

УДК 316

**Тагаева Кулпинай Муродиловна**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун 2-курсунун магистранты

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭТНИКАЛЫК МОТИВДЕР: ТАРЫХЫЙ КОНТЕКСТ

**Тагаева Кулпинай Муродиловна**
Магистрант 2-курса ЖАГУ имени Б.Осмонова

## ЭТНИЧЕСКИЕ МОТИВЫ В ЭПОСЕ «МАНАС»: ИСТОРИЧЕСКИЙ КОНТЕКСТ

**Tagaeva Kulpinai Murodillovna**
2nd-year master's student of JASU named after B.Osmonov

## ETHNIC MOTIVES IN THE EPIC "MANAS": HISTORICAL CONTEXT

**Аннотация.** "Манас" эпосу – кыргыз элинин көп кылымдык тарыхын жана турмуш-тиричилигин чагылдырган дүйнөлүк маданияттын уникалдуу феномени. Илимий макалада бул эбегейсиз чыгармадагы этникалык мотивдерди терең талдоо аракети жасалды. Илимий макала эпостун негизин түзгөн этникалык өзгөчөлүктөрдү аныктоого жана чечмелөөгө багытталган. Ар кандай этностордун образдары, алардын өз ара мамилелери, маданий өзгөчөлүктөрү жана тарыхый тагдырлары эпикалык текстте чагылдырылгандай талданат. Бул сүрөттөр калыптанган жана өзгөргөн тарыхый контекстке өзгөчө көңүл бурулат. Илимий макаланын алкагында этникалык мотивдерди системалаштыруу, тарыхый прототиптерди талдоо, этникалык стереотиптерди изилдөө жана этникалык мотивдердин функцияларын аныктоо ишке ашырылды. Илимий эмгектин жаңылыгы тарыхый, фольклористтик жана лингвистикалык методдорду айкалыштырган дисциплиналар аралык мамилени колдонууда, бул региондогу этникалык топтордун өз ара аракеттенүүсүн толук түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн алкагында төмөнкүдөй методдор колдонулган: салыштырма-тарыхый анализ, тексттин структуралык анализи, компоненттүү анализ, ошондой эле түрк элдеринин башка эпикалык чыгармалары менен салыштыруу методу. Эпикалык образдарда чагылдырылган этникалык топтордун тарыхый прототиптерине, ошондой эле кыргыздардын улуттук иденттүүлүгүн калыптандырууда этникалык мотивдердин ролуна өзгөчө көңүл бурулду.

**Негизги сөздөр:** "Манас" эпосу, этникалык мотивдер, тарыхый контекст, мифология, Борбордук Азия, кыргыздар, этногенез, этномаданий өз ара аракеттенүү, фольклор,